DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Койлубаева Н.К.*

# ЖАШТАРДА АДЕПТИК САПАТТАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУДА ЭЛДИК АКЫЛ-НАСААТТАРДЫН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

*Койлубаева Н.К.*

# ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ НАРОДНЫХ ПОГОВОРОК В РАЗВИТИИ НРАВСТВЕННОСТИ У МОЛОДЕЖИ

*N.K. Koilubaeva*

# THE EDUCATIONAL VALUE OF FOLK QUATES IN THE DEVELOPMENT OF MORAL QUALITIES IN YOUNG GENERATION

*УДК: 371. 37*

*Макалада жаштарыбызга алгач адептик сапаттарды калыптандыруучу адептик тарбияны берүү зарылдыгы чагылдырылып, адептүү инсанды тарбиялоодо өбөлгө болуучу элдик акыл-насаатар берилип, алардын маани маңызы, тарбиялык мааниси чечмеленип көрсөтүлгөн. Кыргыз элинин таалим-тарбиясындагы жалпы адамзаттык мааниге ээ болгон моралдык эрежелердин, акыл-насаат, осуяттардын максаты жаштарды адамкерчиликке, достукка, эр жүрөктүүлүккө, эмгекчилдикке, сабырдуулукка калыптандыруу менен тарбиялуу инсандын идеалын түзүү жана ар бир адамдын ыйык милдети катары балдарын жакшы сапаттарга тарбиялоого чакыруу болгон. Өсүп келе жаткан муундардагы адептүүлүктүн эрежелеринин туруктуулугуна жана барктуулугуна болгон ишенимди бекемдеп, балдардын жан дүйнөсүнө адептик сапаттарды калыптандырууда С. Байгазиевдин «Тарбиялоо концепциясы» практикалык булак катары көрсөтүлдү жана адептик тарбиянын, адептик сапаттардын мааниси, ролу зор экендиги ачыкталды.*

***Негизги сөздөр:** адептик тарбия, жаштар, адептик сапаттар, акыл-насаат, осуяттар, адеп эрежелери, элдик тарбия, жүрүм-турум.*

*В статье отражена необходимость нравственного воспитания развивающего нравственные качества у молодежи, и были приведены, а также проанализированы значения народных мудростей, способствующих на нравственное воспитание личности. Целью кыргызских народных мудростей и моральных правил, присущие всему человечеству, было создание идеала воспитанной личности, развивая в нем человечность, доброту, дружелюбие, бесстрашие, трудолюбие, и призывали каждого человека давать нравственное воспитание своему ребенку, принимая это как свой сокровенный долг. Работа С. Байгазиева «Тарбиялоо концепциясы», было рассмотрено как практический источник в развитии нравственных качеств в детской душе, а также укрепление доверия в стабильность и значимость нравственных правил у растущего поколения.*

***Ключевые слова:** нравственное воспитание, молодежь, нравственные качества, заповеди, нравственные правила, поведение, народное воспитание.*

*The article reflects the need of moral education developing moral qualities in young people, and there were analyzed values of folk wisdom, contributing to the moral education of the individual. The goal of the Kyrgyz folk quotes and moral rules inherenting all humanity was to create an ideal of an well educated personality, developing within a humanity, kindness, friendliness, courage, diligence and calling each person to give moral education to his child, taking it as his innermost duty. The work of S. Baizakov «Tarbiyalookonceptsy» was considered as a practical source in the development of moral qualities in the child's soul, as well as strengthening confidence in the stability and significance of moral rules among the growing generation.*

***Key words:** moral education, youth, moral qualities, moral rules, behavior, national education.*

Коомдук өнүгүүнүн бүгүнкү мезгилинде жаңыча социалдык-экономикалык мамилелердин орношу, рухий-адептик нарк-дөөлөттөргө болгон көз караштын өзгөрүшү, кайдыгерлик, өзүмчүлдүк, жалкоолук, таш боордук, жумушсуздуктун күчөшү, байлыкка, жеңил оокатка умтулуу жана башка ушул сыяктуу көрүнүштөрдүн өсүшү жаш муундардын психологиялык абалына терс таасирин тийгизүү менен алардын жалпы адамзаттык баалуулуктарды, элдик этикалык нарктарды, адеп-ыймандык мурастарды өздөштүрүп, адептүү инсан катары калыптануусуна кедерги болууда.

Жогорудагыдай коомдук-психологиялык кубулуштун каптап келе жатканын Ч.Т. Айтматов: «Канткенде адам улуу адам болот?» - деп ошондо эле көрө билген жеке адамдын тагдырын, «инсан концепциясын» жалпы адамзаттык проблема катары көтөрүп, «Баарынан кыйыны – күн сайын адам болуу» керектигин эскерткен сыяктуу. [2, 126].

С.О. Байгазиев: «Эгер адам баласы өзү ич жагынан, рух жагынан жаңыланбаса, ич жагынан кайра курулуп, пейили тазаланып, өзүнүн ички өзөгү жагынан өркүндөп чыкпаса, шашылыш тышынан жасалган революциялар, төңкөрүштөр, реформалар жарытылуу натыйжа бербейт экен. Илимий-техникалык прогресс,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



экономикалык-материалдык жетишкендиктер өзү-нөн-өзү адамды адам кылып, апакай кылып жибербейт экен», – деп тарыхтын тажрыйбасы көрсөткөнүн айткан [2, 30;6].

Мындай шартта мектеп окуучуларынын адептик түшүнүктөрүн элдик тарбиянын таасын идеяларына таянуу менен адептүү жүрүм-турум сапаттарына калыптандырууну үзгүлтүксүз жүргүзүү - ар дайым коомчулуктун, мамлекеттин көңүлүнүн борборунда турушу зарыл.

Ошондуктан, балдарды төрөлгөндөн баштап ата-энелер, билим берүү системалары, коомчулук тарабынан, адам жашоосунун маанисин түшүнгөн, турмуштун ачуу-таттуу кырдаалдарын акыл элегинен өткөрө билген, жүрүм-турум адаттарын жана көндүмдөрүн, адептик сапаттарын калыптандыруучу руханий-адептик тарбия берүүнү жогорулатуу мезгилдин талабы.

Адептик жана рухий-ыймандык билим берүүнүн мектептеги системасы – окуучулардын коомдук жана жекече жүрүм-турум нормаларын, эрежелерин, алардын адамдарга карата адеп-нарктуу мамилесин иштеп чыгууга көмөк көрсөтүүгө чакырылган, социалдык-педагогикалык жана коомдук-практикалык зарылчылыктар менен шартталган, этнопедагогикалык «устат-шакирт» мамилесине негизделген, бирдиктүү, ыраат-туу уюшулган педагогикалык процесс.

Насыятталып үйрөтүлүп-окутулуп, жайылтылып жаткан адеп эрежелери, жол-жоболор, принциптер баланы курчап турган коомдук чөйрөнүн реалдуу практикасы менен ырасталып, такталышы шарт. Адеп эрежелери сөз менен эмес, көбүнчө түздөн-түз иш аркылуу өздөштүрүлөт. Бала өзүн курчап турган жүздөгөн адамдардын турмуш-тиричилигинен, жашоонун күндөлүк агымынан, кыскасы турмуштун бардык чөйрөлөрүнөн жашоо эрежелерин бекем сактаган адепти, тартипти, маданиятты, калыстыкты көрүп турса, анда мындай атмосферада балада адептүү, ар намыстуу, активдүү атуул болуп өсүүгө шыктандырган күчтүү стимул түзүлмөк. Эгерде бала ата-энесин, бир туугандарын жакшы көрсө, башка балдарга, чоңдорго көңүл бөлүп, адептүү, сый, элпек, камкор мамиле кылса, калп айтып, уурулук кылбаса, буюм-тайымдарга залака тийгизбесе анда сылыктык эрежелеринин, адеп нормаларынын жана ички сезиминин, эркинин өнүккөндүгүнүн белгиси болуп саналат [6].

Адептүүлүктү – өркүндөгөн, чыныгы инсандын касиети, адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бири менен мамилелеринин, жүрүм-турум нормаларынын тарыхый жыйындысы катары карайбыз.

Адеп – адамдардын жеке мамилелерине, коомго жасаган мамилелерине, бири-бири менен жана коом менен карым-катнашына, жакшылык-жамандык, абийирдүүлүк-уятсыздык, айкөлдүк-мыкаачылык деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берет. Коом адеп-ахлак нормаларын иштеп чыгат жана коргойт. Үй-бүлөдө жана мектепте балдарды адептүүлүккө тарбиялоонун милдети инсандагы идеялык өзөктү – жарандык (граждандык) көз караштарды, ишенимди, сезимди, жүрүм-турумду, сөз менен иштеги биримдикти калыптандыруу. Инсанды мындай идея менен шыктандыруу – педагогикалык маданияттын башаты да, ошол эле учурда тарбиячылык чеберчиликтин туу чокусу да болуп эсептелет.

Адеп – бул адамдын адептик сапаттарында ишке ашырыла турган, инсандар ортосундагы маданиятты өткөрүп берүүнүн жана аны өздөштүрүүнүн «бардык жердеги» социалдык процесси. Адептүүлүк – бул адамдарга боорукердик жана ыкластуулук менен мамиле кылууга негизделген сезимдүү жүрүм-турумдун жыйындысы. Адептик сапаттар – бул ата-эненин, улуулардын сезимдүү сүйүүсү аркылуу калыптанган эң жакшы мүнөздөр деп түшүнөбүз. Инсандагы адептик сапаттардын бардыгы тарбия аркылуу келет. Анын негизги максаты жаш муундардын элдик идеалга жана заманга шайкеш келген нарктуу адептик-ыймандык сапаттарын, моралдык-этикалык түшүнүктөрүн, улуттук аң-сезимин, маданияттуу жүрүм-турум адебин, бакубат рухий дүйнөсүн калыптандыруу. Бул максат мектеп окуучуларында терең адептик аң-сезимди жана түшүнүктөрдү тарбиялоо, адептик ынанымдарды иштеп чыгуу, жүрүм-турумда адамдык жана коомдук нарк-насилге төп келген көндүм адаттарды жана билгичтиктерди калыптандыруу сыяктуу милдеттерди чечүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Ошого байланыштуу, адептик сапаттарга калыптануу – адамдын инсандык жетилүүсүнүн эң башкы даражасы, эр жетүү натыйжасы деп түшүнүү керек.Адеп эрежелерин билүү адептүү жүрүм-турумдун өбөлгөсү болуп саналат [1, 26].

Адамдын адептүүлүгү – биринчиден, өзүн кандай алып жүрүү керектигин билиши, экинчиден өзүнүн үлгүлүү жүрүм-туруму менен адеп эрежелерин сакташы, үчүнчүдөн өзүнүн же башка бирөөлөрдүн кылык-жоруктарына адилет баа бере билүү жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Демек, ата-энелер, мугалимдер балдарды адеп эрежелерине тарбиялап, адат алдырганда гана эмес, аларда адептүүлүк сезимдерин тарбиялаганда гана балдарды адептүүлүк жагынан тарбиялоо өз натыйжаларын берет.

«Эң күчтүү, эң таасирдүү, эң ишенимдүү педагогика – элдик педагогика, ал эми тарбиячылардын мыктысы эл...» - деп этнопедагогика илиминин негиздөөчүсү, академик Г.Н.Волков таамай айткан [4,176].

Кыргыз эли ата-бабаларыбыздан бери муундан-муунга өткөрүлүп келген өзүнүн тарыхый жашоосунда пендеге адам болуунун жолун, шартын көрсөткөн моралдык-этикалык дөөлөттөрдүн бүтүндөй бир

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



системасын иштеп чыккан жана жалпы адамзаттык мааниге ээ моралдык улуу кодекси түзүлгөн: «Жер-сууну ыйык тут. Дайыма кишичилик милдеттериңди бил. Адал жаша. Оюңду тазарт. Атаны-энени урматта. Улууга сый, кичүүгө урмат көрсөт. Адептүү бол. Ичиң тар болбосун. Бар-жокко каниет, топук кыл. Салт, наркты сакта. Ыймандуу, боорукер, жоомарт, ак көңүл бол. Адамга, тирүү жандыкка жакшылык жаса. Арам ойдон кач, карасанатай болбо. Намыскөй бол. Дос, душманды айыр. Жерди корго, тууңду сакта. Кан сөзүн, эл сөзүн, атанын жана улуунун сөзүн жерге таштаба. Энени, аялзатын сыйла. Калыс бол, чынчыл бол. Акыйкаттан тайба, ушак, калп айтпа. Ач көз болбо, ачууңду бек карма. Сабырдуу бол. Кыялыңды оңдо! ж.б.» [2, 64].

Кыргыз элинин өсүп келе жаткан жаш муундары үчүн тарбиялык багытта айтылган айрым бир даанышман осуяттарына кайрылсак:

Жамандыкты жеңүүнүн жолу – мында маселени сабырдуу, чыдамкай мүнөз, сылык амалдар менен чечүүгө, жамандык дегенге «таш менен урганды аш менен ур», «кемчилик сенден – кечирмек менден», «атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер», «жакшы адамдын ачуусу бар, кеги жок» дегендей гумандуу айкөл мамиле-эрежени колдонуу аркылуу жеңүүгө болоорун айтат. Элдик тарбияда оройлукту назиктик, сылыктык, ачууну токтоолук, сабырдуулук, жек көрүүнү мээрим менен сүйүү жеңет деген ишеним берилген.

Топуктуулук этикасы – башыңа жетерлик оокатты тапканың оң, дүнүйөкор болбошуң керек. Топуктуулук, барга каниет кылуучулук адамдардын мыкты сапаттарынын бири. Топуктуулук өзүңдү да, өзгөлөрдү да кыйнаган убаракерчиликтен куткара турган адеп-ахлактык сапат.

Өз ара мамилелер адеби – адамга ишеним кылууга, аны басынтпай, кайра ага колдоо көрсөтүүгө, кеңпейилдиктин, адамкерчиликтин жолунан тайбай, айкөл болууга чакырган. Эгерде өсө турган адамдын алдын тороп, көралбастык, карапиеттик кылса, анда ал аксайт, мүдүрүлөт, өксүйт. Бирок мындай кыянаттык нарктуу пенденин кыла турган жосуну эмес, тескерисинче адамга жакшы кеп айтып көтөрмөлөсө, ал аргымактай алдыга күүлөнөт мындан кайра эле өзүң береке табасың.

Канткенде адам улуу адам болот? – адам боло турган адам алгач бала кезинен жамандан адашып, жакшыга жанашып, анын таалимин алып, элдик адеп эрежелерин үйрөнүп, нуска сөзгө, насыят-накыл кепке кулак төшөшү керек. Ушундай жол менен акырындап жүрүп отуруп адам болот ж.б.

Элдик этикада калыстык, чынчылдык, адилеттүүлүк, акыйкатчылдык, жоомарттык, «таш менен урганды аш менен урган» айкөлдүк, топуктуулук, сабырдуулук, сылык-сыпаалык, кечиримдүүлүк, мээримдүүлүк, ар намыстуулук, жоопкерчиликтүүлүк, мекенчилдик ж.б. улуу сапаттар ар дайым даңазаланып, адамдык жүрүм-турумдун идеалы болуп келген. Коомдук пикир тарабынан жактырылган адептик баалуу адаттар, алар инсанда калыптанган жүрүм-турумдарды жөнгө салуучунун ролун гана аткарбастан, башка адамдарга мурас да, үлгү да, айлана-чөйрөдөгүлөргө жакшы таасир этүүчү фактор да болуп саналат.

Жогорудагы ойлордон улам элдик педагогикада адамдын жүрүм-туруму, кулк-мүнөзү, пейили адептүүлүк же адепсиздик менен бааланып, адептүүлүктү негизги идея катары карап, адептик сапаттарга калыптандыруу менен тарбиялап келишкенин билсек болот.

Элдик тарбияда адептик жана адепсиз сапаттарга төмөндөгүдөй мүнөздөмө берилген.

Адептик сапаттар:

Берешен – колунда барын жетим-жесирге, муктаж болгондорго таратып берет. Ал берешендик мүнөзү менен тегерек-четке алынып кетет.

Бүйрө адамдар – өз жашоо-тиричилигине тың, алыш-катыштын ордун билген адамдар. Тууган, достаанынштарына да каралашканды унутушпайт.

Сылык адамдар – айланасындагы улуу-кичүүлөргө, кызматтагылар менен карап айымадамдарга бирдей кайрылып, дайыма сый мамиледе болушат.

Мээнеткечтик – бала чактан эмгек кылууга умтулуу. Бул төптүктүн, тактыктын, адалдыктын эң бийик сапаты.

Боорукердик – бирнерсеге башка бирөө менен кошок айгыруу, кимдир бирөөнүн кайгысын бөлүшүүнү көрсөткөн абал.

Адепсиз сапаттар:

Ээн баштык – булл терс адат, тентектиктин бир түрү. Ээн – айлана-чөйрөсүндө эч ким жок, өзүн-өзү билүүсү.

Каяшаайтуу – улуу-кичүүлөрдү ылгабоочулук, өзүнүн одоно жактарын айтса, көтөрө албоочулук.

Ууру, кески – бирөөлөрдүн эмгеги аркылуу күнкөрүү. эли-жерин уктатпайт, жанды тынчытпайт, этеги эки болбогондор, тукумкуруттар.

Кыянатчыл – адамдар ортосундагы мамилелерди бузуп жиберүүгө шыктуу келишет, ичи тар, эч кимге жакшылыгы жок, карамүртөз болушат.

Кежирлик – баланын коюлган талапты аткаргысы келбегендиги себеби, талап бала үчүн жагымсыз үн менен, же ал өзү жаман көргөн адам тарабынан коюлгандыгында.

Мына ушул карапайым түшүнүктөрдүн жана адаттардын негизинде гана «жакшы адам болууну каалоо», адептик жактан өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуу өнүгөт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Демек, бүгүнкү күндө жаш өспүрүмдөрдү ата-бабаларыбыздын акыл-насааттары, осуяттары, адеп-ыймандык улуу эрежелери, адамдык терс сапаттар, жорук-жосундар жөнүндөгү бүтүм-корутундулары менен куралдандыруу зарыл.

**Адабияттар:**


1. Апышов Б. Тарбия жараяны [Текст] / Б.Апыш. - Бишкек, 2008. - 126 б.
2. Айтматов Ч.А. Фудзиямада кадыр түн [Текст] / Ч.Т. Айтматов. - Бишкек, 2008. - 404 б.
3. Байгазиев, С.О. Инсандын ич жактан жаңылануусунун зарылдыгы [Текст] / С.О.Байгазиев. - Б., 1998. – 30 б.
4. Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст]: / Г.Н. Волков. - М.: Академия, 2000. - 176 с.
5. Жусупов К. Кыргыздардын байыркы маданияты [Текст] / К. Жусупов. - Бишкек, 2006. - 64 б.
6. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы // Кут билим. - Бишкек, 2010 - 20-авг.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Калдыбаева А.Т.**